**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№2/2025, 117-121

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948653_2025_2_13

# ЖАХИЛИЯ ДООРУНДАГЫ ЖАНА ИСЛАМДАГЫ СҮННӨТ ТҮШҮНҮГҮ

ПОНЯТИЕ СУННЫ В ДЖАХИЛИИ И ИСЛАМЕ

THE CONCEPT OF SUNNAH IN THE AGE OF IGNORANCE AND IN ISLAM

**Абдуганиев Асилбек Алимжанович**
*Абдуганиев Асилбек Алимжанович*
*Abduganiev Asilbek Alimzhanovich*

**PhD, Ош мамлекеттик университети**
*PhD, Ошский государственный университет*
*PhD, Osh State University*
asilbek9320@mail.ru

---

**Парманов Автандил Куламидинович**
*Парманов Автандил Куламидинович*
*Parmanov Avtandil Kulamidinovich*

**магистрант, И. Арабаев атындагы КМУ**
*магистрант, КГУ имени И.Арабаева*
*Master's student, I. Arabaev KSU*
kirgizistanbul@gmail.com

# ЖАХИЛИЯ ДООРУНДАГЫ ЖАНА ИСЛАМДАГЫ СҮННӨТ ТҮШҮНҮГҮ

**Аннотация**

Бул макалада Ислам дининдеги эң негизги түшүнүктөрдүн бири болгон “Сүннөт” термининин пайда болуусу жана өнүгүү этаптары каралат. Жахилия доорунан бери колдонулуп келе жаткан бул сөздүн Ислам келгенден кийинки өткөргөн этаптары жана терминологиялык мааниге ээ болуу жараяны талданат. Сүннөт түшүнүгүнүн калыптануу процесси хронологиялык тартипте изилденет.

***Ачкыч сөздөр:*** Сүннөт, Жахилия, Ислам, Азирети Мухаммед (с.а.в), Сахаба

***ПОНЯТИЕ СУННЫ В ДЖАХИЛИИ И ИСЛАМЕ***

**Аннотация**

В данной статье рассматривается возникновение и развитие термина “Сунна”, который является одним из ключевых понятий в исламе. Анализируется процесс, через который это слово, использовавшееся ещё в эпоху джахилии, прошло после прихода ислама и обрело терминологическое значение. Процесс формирования понятия «Сунна» изучается в хронологическом порядке.

***Ключевые слова:*** Сунна, Джахилия, Ислам, Пророк Мухаммад (с.а.в.), Сахаба

***THE CONCEPT OF SUNNAH IN THE AGE OF IGNORANCE AND IN ISLAM***

**Abstract**

This article examines the emergence and development of the term “Sunnah”, one of the fundamental concepts in Islam. It analyzes the stages this term, which had been in use since the Jahiliyyah period, went through after the advent of Islam and its process of acquiring a terminological meaning. The formation process of the concept of "Sunnah" is studied in chronological order.

***Keywords:*** Sunnah, Jahiliya, Islam, Prophet Muhammad (s.a.w.), Sahaba

**Киришүү**

1.Жахилия доорунда сүннөт

Сүннөт сөзү араб тилиндеги "с-н-н" (س ن ن) тамырына негизделген жана анын көптүк түрү "сунан" деп колдонулат. Бул тамыр Исламга чейин араб коомунда жана адабиятында ысым жана этиш катары ар кандай маанилерде колдонулган. Өмер Өзсойдун жүргүзгөн изилдөөлөрүнө ылайык, "с-н-н" тамырынан пайда болгон сөздөр Исламга чейинки жахилия доорунда жана Исламдан кийинки мезгилде жүзгө жакын түрдө колдонулуп келген. Бул сөздөрдүн мааниси жана колдонулушу кеңири тармакты камтыйт жана алар ар түрдүү контексттерде колдонулган. [1]

Жахилият доорундагы арабдар сүннөт сөзүн ата-бабаларынан калган каада-салттарды сүрөттөө үчүн колдонушкан. Мындан тышкары, алар сүннөттү үлгүлүү жүрүм-турумду билдирүү үчүн да колдонушкан. Жахилият мезгилиндеги араб коомунда үрп-адаттарды жана салттарды сактоо өтө маанилүү болуп, бул талаптар коомдун негизги баалуулуктарынын бири болгон. [2]

Исламга чейинки арабдар үчүн сүннөт түшүнүгү көбүнчө ата-бабаларынан калган каада-салттарга негизделген. Бирок, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) колдонгон сүннөт түшүнүгү Аллахтын буйруктары жана өкүмдөрүнө негизделген. Пайгамбар (с.а.в.) илгертен бери келе жаткан терс каада-салттарды жана үрп-адаттарды өзгөртүүнү же жок кылууну максат кылган. Ал бул максатка жетүү үчүн, ылайыктуу учурларда бул идеологияларды ишке ашырып келген. [3]

“Жахилият сүннөтү” деген мааниге келген “سنة الجاهلية" түшүнүгү алгачкы жолу хадисте төмөндөгүдөй колдонулган:

عَنْ ابْنِ عَبَّاسٍ رضي الله عنهما أَنَّ النَّبِيَّ صلى الله عليه وسلم قَالَ: «أَبْغَضُ النَّاسِ إِلَى الله ثَلَاثَةٌ مُلْحِدٌ فِي الْحَرَمِ وَمُبْتَغٍ فِي الْإِسْلَامِ سُنَّةَ الْجَاهِلِيَّةِ، وَمُطَّلِبُ دَمِ امْرِئٍ بِغَيْرِ حَقٍّ لِيُهَرِيقَ دَمَهُ»

«Ибн Аббастан (риваят) Пайгамбардан (с.а.в.) айтты: «Аллахтын каары келген адамдар; үч топ: Харемдеги биддаттар, мусулман болуп туруп жахилияттын адаттарын каалагандар жана жүйөлү себеби жок эле башка бирөөнү өлтүрүүгө камтангандар.» [4]

"Суннатул Жахилият" сөзүнүн терс жүрүм-турумунун мисалдарына ишарат кылуу үчүн колдонулган башка риваяттар да бар. Бул риваяттардын кээ бирлеринде “سنة الجاهلية" ордуна «امر الجاهلية» «Амрул Жахилиййа» сөзү колдонулган.

2.Исламда сүннөт

Сүннөт термининин тарыхын түшүнүү үчүн, алгач Курани Каримге жана хадистерге көңүл буруу зарыл. Себеби, сүннөт Ислам дининин башталышынан бери маанилүү жана кеңири колдонулган термин болуп келген. Бул термин Курани Каримде жана хадистерде көп жолу кездешет жана бул анын Исламдын негизги түшүнүктөрүнүн бири экендигин көрсөтөт.

Лексикалык мааниси боюнча, сүннөт сөзү "жол", "жашоо стили", "усул", "каада-салт" же "кимдир бирөөнүн күнүмдүк жүрүм-турумдары, адаттары" дегенди билдирет. [5]

Ал эми Куранда сүннөт “Алланын көрсөткөн жолу, өзгөрбөгөн мыйзам, жашоо образы” маанилеринде “суннатуллах”,[6]“суннатуна”, “суннату ман” жана “суннатул-аввалиин”[7] деп келет.

Бул сүннөттөрдүн негизги өзгөчөлүгү өзгөрбөстүгү. [8] Себеби, Алланын сүннөттөрү өзгөртүүлөрдү кабыл албаган мыйзамдар болуп саналат. Бул тууралуу Куранда: “سُنَّةَ اللهِ فِي الَّذِينَ خَلَوْا مِنْ قَبْلُ وَلَنْ تَجِدَ لِسُنَّةِ اللهِ تَبْدِيلًا” “Алланын мурунку өткөндөргө да жолу (сүннөтү, мыйзамы) ушул. Алланын жолунан эч бир өзгөртүүнү таба албайсың” [9] деп айтылат. Куранда сүннөт сөзү "Пайгамбардын сүннөтү" маанисинде колдонулган эмес. [10]

Пайгамбардын (с.а.в.) хадистеринде "сүннөт" сөзү "жүрүм-турум", "иш-аракеттер" жана "жол көрсөтүү" сыяктуу маанилерде колдонулуп, Пайгамбардын (с.а.в.) пайгамбарлык миссиясы катары үйрөткөн жүрүм-турумдары катары түшүндүрүлөт. [11]

Хадистердин биринде сүннөт төмөнкүдөй баяндалган: «ناك ةنسح ةنس مالسإلا يف نس نم هيلع ناك ةئيس ةنس مالسإلا يف نس نمو ،اﺌﻴش مهروجأ نم كلذ صقني ال هدعب نم اهب لمع نم رجأو اهرجأ هل اﺌﻴش مهرازوأ نم كلذ صقني ال هدعب نم اهب لمع نم رزوو اهرزو»“ «Ким Исламда жакшы сүннөттү баштаса, ага өзүнүн сообу жана анын жолун уланткандардан эч нерсе кемибей сообу ыйгарылат. Ал эми ким жаман сүннөттү баштаса, ага өзүнүн күнөөсү жана анын жолун уланткандардан эч нерсе кемибей күнөөлөрү ыйгарылат».[12]

"Сүннөт" сөзү кийинчерээк өзгөчө Пайгамбардын (с.а.в.) жүрүм-турумуна байланыштуу термин болуп калган. Башка сөздөрдөн айырмалоо үчүн, "пайгамбардын сүннөтү", "суннати расулиллах", "суннату-н-наби" сыяктуу айкын колдонмолор колдонулган. Демек, сүннөт дегенде, негизинен Пайгамбардын (с.а.в.) сүннөтү түшүндүрүлөт. [13]

Пайгамбардын сүннөт түшүнүгү Азирети Умар, Ибн Масуд жана Азирети Али тарабынан термин катары кеңири колдонулган. Төрт улуу Халифтен кийин, Азирети Айша, Ибн Аббас жана Ибн Умар сыяктуу жаш сахабалар сүннөт терминди дагы көбүрөөк колдонушкан. Бул процесс сүннөт терминин кеңири таралып, бирдиктүү түшүнүк катары колдонулганын көрсөтөт. Мухаммед пайгамбардын сүннөт түшүнүгүнүн концептуалдык процессинин негизги ишке ашырылышы жаш сахабалар тарабынан жүргүзүлгөн, жана бул процесс хижрий календар боюнча 40-70-жылдарына туура келет.[14]

Демек сүннөт термини араб тилиндеги "с-н-н" тамырынан келип чыккан жана Исламга чейинки араб коомунда дагы кеңири колдонулган. Жахилият доорунда сүннөт ата-бабалардын каада-салттарын жана үлгүлүү жүрүм-турумду билдирүү үчүн колдонулган. Куранда сүннөт Алланын өзгөрбөгөн мыйзамдары катары түшүндүрүлөт. Хадистерде сүннөт түшүнүгү Пайгамбар (с.а.в.) тарабынан үйрөтүлгөн жол жана анын пайгамбарлык үлгүлүү жашоосун туюндурат. Пайгамбардын сүннөтү, өзгөчө Азирети Умар, Ибн Масуд жана Азирети Али сыяктуу сахабалар тарабынан кеңири колдонулган жана сүннөттүн концептуалдаштыруу процесси 40-70-хижрий жылдарга туура келет. Сүннөт терминин кеңири колдонулушу көбүнчө жаш сахабалар тарабынан ишке ашырылган. Учурда Исламда сүннөт термини негизинен Пайгамбардын (с.а.в.) сүннөтүн түшүндүрөт.

**Колдонулган адабияттар**


1. Ömer Özsoy, Sünnetullah, Bir Kur'ân İfadesinin Kavramlaşması, Ankara: Fecir yayınları, 1994, 48-б.
2. Mehmet Emin Özafşar, Hadisi Yeniden Düşünmek Fıkhî Hadisler Bağlamında Bir İnceleme, Ankara, 2000, 49-б.
3. Özafşar, Hadisi Yeniden Düşünmek, 50-б.
4. Абу Абдуллах Мухаммад б. Исмаил Бухарий, ал-Жамиьус-Сахих, (ред. Мухаммед Зухайр б. Насыр ан-Насыр), 1422/2001, 4/6-б.
5. Ферхат Гөкче-Мухиддин Дүзенли, Хадис усулу, которгон: Майрамбек Жусупов, Бишкек: Из басма, 2018, 52-б.
6. Ахзаб. 33/38, 62; Фаатир. 35/43; Гаафир. 40/ 85; Фатх. 48/23.
7. Анфал. 8/38; Хижр. 15/13; Кахф. 18/55; Фаатир. 35/43.
8. Mehmet Görmez, Sünnet ve Hadisin Anlaşılması ve Yorumlanmasında Metodoloji Sorunu, T.D.V.Y., Ankara, 1997. (2. Baskı, Ankara, 2000.), 225-б.
9. Ахзаб. 33/62.
10. Гөкче-Дүзенли, Хадис усулу, 53-б.
11. Murtaza Bedir,"Sünnet" Türkiye Diyanet Ansiklopedisi, 38/150-б.
12. Абул-Хусейин Муслим б. ал-Хажжаж б. Муслим ал-Кушайри, ал-Жамиус-Сахих, Бейрут: Дару Ихьяит-турасил-арабий, 69-б.
13. İsmail Hakkı Ünal, İmam Hatip Liseleri Hadis Ders Kitabı, M.E.B.Y., Ankara, 2003, 19-б.
14. Bünyamin Erul, Hadis El Kitabı, Ankara: Grafiker Yayınları, 2019, 552-б.